

# ТУРУКТУУ КАРЖЫЛОО КОНЦЕПЦИЯСЫ

KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

«Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК

## Мазмуну


1. Киришүү ........ 3
1.1. Банктын тарыхы ........ 3
1.2. КИКБде туруктуу өнүгүү ........ 3
2. КИКБнын туруктуу каржылоого мамилеси ........ 4
3. Туруктуу каржылоо концепциясы ........ 5
3.1. Концепцияга ылайык облигацияларды чыгаруу жана насыяларды берүү ........ 5
3.2. Каражаттарды пайдалануу ........ 6
3.3. Алгылыктуу долбоорлорду тандоо жана баалоо процесси ........ 13
3.4. Түшкөн каражатты башкаруу ........ 14
3.5. Отчеттуулук ........ 14
4. Колдонуу чөйрөсү ........ 18
5. Көз карандысыз корутунду ........ 18
5.1. Экинчи тараптын корутундусу ........ 18
5.3. Верификациялоо: Түшкөн каражаттарды бөлүштүрүүнү верификациялоо ........ 19
6. Концепцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү ........ 19
I тиркеме ........ 20
II тиркеме ........ 22




# 1. Киришүү

Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы (мындан ары - Банк/КИКБ/KICB) 2001-жылы экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү жана Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу максатында түзүлгөн. Банктын миссиясы – бардык кызыкдар тараптар үчүн баалуулукту жараткан, туруктуу, жоопкерчиликтүү финансылык чечимлерди сунуштоо менен, "жакшы жашоонун ишенимдүү банкы" болуу. Банк финансылык натыйжалуулуктун жана ишенимдүү башкаруунун бекем пайдубалынын негизинде өнүгүү менен, ар дайым Кыргыз Республикасынын банк секторунун инновациялык демилгелерин жетектеп, туруктуу киреше алууга умтулат.

Банк кеңири филиалдар тармагына ээ: 2025-жылдын башына карата өлкөнүн дээрлик бардык аймактарында 23 филиал жана 31 аманат кассасы, банкоматтардын, төлөм терминалдарынын жана POS-терминалдардын кеңири тармагы бар.

КИКБ 2013-жылы Кыргыз Республикасында улуттук валютада корпоративдик облигацияларды ийгиликтүү чыгарган биринчи банк болуп саналат жана дүйнөлүк тенденцияларга, улуттук максаттарга ылайык туруктуу каржылоо боюнча чечимдер сыяктуу инновациялык финансылык инструменттерди иштеп чыккан банктардын алдыңкы сабында болуп келет. Банк Visa International, Mastercard International, Union Pay International эл аралык төлөм системаларынын, ошондой эле Элкарт улуттук төлөм системасынын принципиалдуу өнөктөшү болуп саналат. Банкта кардарларды сапаттуу тейлөө үчүн 1200дөн ашык кызматкер эмгектенет.

## 1.1. Банктын тарыхы

Жыйырма жылдан ашуун убакыттан бери КИКБ Кыргыз Республикасынын өсүшүнө жана өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүп келет. Банк бүткүл өлкө боюнча бизнестин өсүшүнө жана калктын жашоо деңгээлинин жогорулашына көмөк көрсөтүү менен жергиликтүү коомдун финансылык муктаждыктарын колдоо үчүн негизделген. Бул жоопкерчилик сезими КИКБнын банк ишине болгон мамилесинин негизги компоненти бойдон калууда.

КИКБ инновацияга көңүл буруу менен күчтүү капитал, ар кандай каржылоо булактары жана жогорку өтүмдүүлүк менен бекемделген кардарларга багытталган финансылык чечимдерди сунуштайт. Visa International, MasterCard International, UnionPay International сыяктуу глобалдык төлөм системалары менен стратегиялык өнөктөштүк Банкка коопсуз жана натыйжалуу кызматтарды сунуштоого мүмкүндүк берет, ал эми анын технологияларга инвестициялары кардарлар менен иштөө тажрыйбасын жана финансылык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртат.

Кыргыз Республикасынын гүлдөп өнүгүшүнө олуттуу салым кошууга умтулуп, кардарларга, коомчулукка жана айлана-чөйрөгө кам көрүү менен КИКБ өз кызматкерлерине, инновацияларга жана технологияларга тынымсыз инвестиция кылууда.

## 1.2. КИКБде туруктуу өнүгүү

КИКБ экологиялык, социалдык жоопкерчилик жана корпоративдик башкаруу (ESG) принциптерине таянып, туруктуу өсүштү илгерилетүү идеясын жактайт. Бул биздин "Кардарларга, айлана-чөйрөгө, коомчулукка кам көрүү менен Кыргыз Республикасынын өркүндөп өсүшүнө алгылыктуу салым кошуу" корпоративдик көз карашыбызга толук шайкеш келет. Банктын максаты өзүнүн айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин жумшартуу, азайтуу, ошол эле учурда анын оң социалдык таасирин жогорулатуу болуп саналат.

КИКБ өз ишинин негизинде туруктуу өнүгүүнү бизнес-императив катары гана эмес, келечек муундун алдындагы негизги жоопкерчилик катары да карайт. КИКБнын туруктуу өнүгүүгө болгон мамилеси анын бизнес моделинин улуттук өнүгүү максаттарына, ошондой эле глобалдык милдеттенмелерге, анын ичинде БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ), Париж келишимине жана 2030-жылга кеңири күн тартибине шайкеш келишин камсыз кылуучу анын ESG саясатында камтылган.

Алдыңкы уюмдардын тажрыйбасын үйрөнүү менен Банк өзүнүн туруктуу өнүгүү тажрыйбасы жөнүндө маалыматты толук жеткиликтүү ченемде ачыкка чыгарууну жана анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасири жөнүндө тиешелүү отчетторду, анын ичинде S1 жана S2 Эл аралык финансылык отчеттуулук стандарттарынын алкагында тиешелүү отчетторду чыгарууну көздөйт.

Узак мөөнөттүү экономикалык ийгилик айлана-чөйрөнү коргоо, социалдык инклюзивдүүлүк жана натыйжалуу башкаруу ыкмалары менен бирге болушу керек экенин таануу менен, КИКБ бул принциптерди өзүнүн күнүмдүк ишине киргизет. Бул Банк финансылык баалуулукту гана жаратпастан, инклюзивдүү жана туруктуу экономикага салым кошо турганын кепилдейт.

Кыргыз Республикасы туруктуу каржылоо принциптерине өтүп жаткандыктан, КИКБ бул трансформацияга активдүү катышууда. ESG принциптерин биздин бизнестин ар бир аспектисине интеграциялоо аркылуу биз финансы секторунда алдыңкы позициябызды сактоо менен өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү максаттарына салым кошобуз.

## 2. КИКБнын туруктуу каржылоого мамилеси

КИКБ өзүнүн ESG саясатына таянып, туруктуу каржылоого комплекстүү жана активдүү мамиле кылат. Бул мамиле глобалдык концепцияларга, анын ичинде Париж макулдашуусуна жана улуттук ченемдерге ылайык келет жана ар кандай потенциалдуу терс таасирлерди жумшартуудагы, позитивдүү экологиялык жана социалдык таасирге көмөктөшүүдөгү Банктын мамилесин чагылдырат.

Кыргыз Республикасы туруктуу каржылоо принциптерине өтүп жаткан убакта КИКБ өлкөнүн көмүртек чыгындысынын деңгээли төмөн болгон экономикага өтүүсүнө жана улуттук өнүгүү максаттарына жетүүсүнө колдоо көрсөткөн, туруктуу каржылоо продукттарын жана кызматтарын активдүү иштеп чыгууда жана киргизүүдө. Туруктуу каржылоо жаатындагы Банктын демилгелери айлана-чөйрөнү коргоо жана жакшыртуу үчүн ресурстарды натыйжалуу башкарууну түз жана кыйыр колдогон тармактарга жана секторлорго жумшоого багытталган.

КИКБ көмүртектин изин азайтууга, ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга жана айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин минималдаштырууга умтулган ишканаларды каржылоону колдойт. Буга экологиялык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ишканалар гана эмес, ошондой эле жашыл чечимдерди киргизген жабдууларды өндүрүүчүлөр жана башка тармактар кирет. Жашыл жана социалдык каржылоо продукттарынын жардамы менен КИКБ экологиялык да, социалдык да чөйрөлөрдө узак мөөнөттүү оң таасирин түзүүгө умтулат.

Туруктуу каржылоону башкаруунун алкагында Банк жашыл жана социалдык каржылоонун бир нече продукттарын түзгөн, анын ичинде:

- “Жылуу үй” - ЧОБ жана чекене соода үчүн жашыл кредиттер;
- “Энергия үнөмдөө” - ЧОБ жана чекене соода үчүн жашыл кредиттер;
- “Мыкты Айым” - ЧОБ жана чекене соода жаатында иштеген аялдар үчүн кызмат көрсөтүүлөр пакети.

КИКБнын айлана-чөйрөгө оң таасир этүүгө көңүл буруусу Кыргыз Республикасынын Жашыл таксономиясына[1] негизделген, ал ЕБ Таксономиясына[2] ылайык келет жана негизги төрт тема боюнча долбоорлордун алгылыктуу категорияларын аныктайт:

(i) Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу
(ii) Суу ресурстарын жана саркынды сууларды туруктуу башкаруу
(iii) Булгануунун алдын алуу жана контролдоо
(iv) Жандуу жаратылыш ресурстарын жана жерди пайдаланууну экологиялык туруктуу башкаруу.

Оң социалдык таасирге токтолсок, биз начар өнүккөн аймактардагы коомчулуктун ден соолугун жана жыргалчылыгын жакшыртуу, бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга көмөктөшүү жана жумуш орундарын түзүү үчүн продукттарды жана кызматтарды каржылоого көңүл бурабыз.

Мындан тышкары КИКБ кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздоо деңгээли начар болгон аймактарда ден соолукту жана жыргалчылыкты жакшырткан, бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга көмөктөшкөн, теңсиздикти кыскарткан жана жумуш орундарын түзгөн продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү каржылайт[3]. Бул социалдык демилгелер КИКБнын туруктуу өнүгүүгө болгон мамилесине туура келет.

КИКБ туруктуу өнүгүү жаатындагы демилгелердин маанилүү багыттары деп эсептеген, энергияны үнөмдөө жана энергиянын кайра жаралуучу булактары жаатындагы долбоорлорду каржылоо боюнча чечимдерди иштеп чыгуу үчүн өзүнүн ресурстарын, ошондой эле эл аралык финансы уюмдарынын насыяларын пайдаланат.

## 3. Туруктуу каржылоо концепциясы

Жогоруда белгиленген милдеттенмелерди аткаруу үчүн КИКБ каржылоого жеке муктаждыктарды жана кредиттик портфелди камтыган Туруктуу каржылоо концепциясын түзүүнү чечкен. Концепция ICMA (GBP)[4] 2021 Жашыл облигациялар принциптерине, анын 2022-жылдын июнундагы I тиркемесине (Түшкөн каражаттарды пайдалануу), ICMA[5] (SBP) 2023 Социалдык облигациялардын принциптерине, ICMA[6] (SBG) 2021 Туруктуу өнүгүү облигацияларынын жетектөөчү принциптерине, LMA 2025[7] Жашыл кредиттер принциптерине, LMA 2025[8] Социалдык кредиттердин принциптерине, 2024-жылдагы ICMA Таасир этүүсү жөнүндө отчеттуулуктун шайкештелген схемасына[9], 2024-жылдагы ICMA Социалдык облигациялардын таасир этүүсү жөнүндө отчеттуулуктун шайкештелген схемасына[10] ылайык келет.

### 3.1. Концепцияга ылайык облигацияларды чыгаруу жана насыяларды берүү

Туруктуу каржылоонун ар бир инструменти үчүн (ушул Концепциянын каржылоо инструменттери менен таанышуу үчүн 4-бөлүмдү караңыз) КИКБ ушул Концепцияда берилген, төмөнкү негизги компоненттерди пайдалана турганын ырастайт:

1. Каражаттарды пайдалануу
2. Алгылыктуу долбоорлорду баалоо жана тандоо процесси
3. Алынган каражатты тескөө
4. Отчет берүү

[1,2] Кыргыз Республикасынын жана ЕБ жашыл таксономиясына карата алгылыктуу жашыл долбоорлор үчүн конкреттүү экологиялык максаттар жөнүндө маалыматты алуу үчүн I тиркемени караңыз.
[3] Алгылыктуу социалдык долбоорлор үчүн конкреттүү социалдык максаттар жөнүндө маалымат алуу үчүн II тиркемени караңыз.
[4] ICMA Green Bond Principles - Green Bond Principles 2021, with June 2022 Appendix I
[5] ICMA Social Bond Principles - Social Bond Principles 2023
[6] ICMA Sustainability Bond Principles - Sustainability Bond Guidelines 2021
[7] LMA - Green Loan Principles 2025
[8] LMA - Social Loan Principles 2025
[9] ICMA Handbook - Harmonized Framework for Impact Reporting for Green Projects (June 2024)
[10] ICMA Handbook - Harmonized Framework for Impact Reporting for Social Projects (September 2024)

Ушул Концепция мезгил-мезгили менен төмөндөгү 5-бөлүмдө (Ушул Концепцияга оңдоолорду киргизүү) берилген ыкма менен жаңыртылышы жана өзгөртүлүшү мүмкүн. Жаңыртылган жана өзгөртүлгөн Концепция КИКБ веб-сайтында жарыяланат жана ушул Концепцияны алмаштырат жана анын натыйжасында чыгарылган туруктуу каржылоо (карыз алуу) инструменттери жаңыртылган жана өзгөртүлгөн Концепцияга баш ийет. Экинчи тараптын корутундусу Концепция өзгөрүүсүз калганча жарактуу болот. Шектенүүдөн оолак болуу үчүн ушул Концепцияда көрсөтүлгөн алгылыктуулук критерийлериндеги ар кандай өзгөртүүлөр ушул Концепцияга чейин чыгарылган облигациялык инструменттерге сөзсүз түрдө колдонулбайт.

### 3.2. Каражаттарды пайдалануу

КИКБнын бардык туруктуу каржылоо инструменттеринен түшкөн таза каражатка барабар сумма төмөндө белгиленгендей, жаңы жана/же колдонуудагы алгылыктуу насыяларды/каржылоону толук же жарым-жартылай каржылоого жана/же кайра каржылоого багытталат. 2 жылдан ашпаган убакыт мурда каржыланган долбоорлор гана кайра каржылоого алынат.

**Алгылыктуу жашыл долбоорлор**

Алгылыктуу жашыл долбоорлор - бул климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу жана аларга ыңгайлашуу, жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу жана коргоо, айлана-чөйрөнү булгоонун алдын алууга жана контролдоого олуттуу салым кошуу, ошондой эле төмөн көмүртектүү экономикага өтүү демилгесин колдоо сыяктуу экологиялык максаттарга жетишүүгө салым кошкон долбоорлор. Төмөндөгү таблицада ICMA жашыл облигациялардын принциптерине ылайык алгылыктуу жашыл долбоорлордун категориялары берилген, анын ичинде ICMAда көрсөтүлгөндөй, жашыл облигациялардын принциптеринин (GBP) ар бир категориясы үчүн критерийлерге ылайык келген долбоорлордун жана чыгымдардын толук тизмеси берилген. Алгылыктуу жашыл долбоорлор БУУнун ТӨМ менен салыштырылды.



**1-таблица. Алгылыктуу жашыл долбоорлордун категориялары**

| | Долбоордун категориясы, Максаты | Чакан категория | Аныктама | Алгылыктуулук критерийлеринин сүрөттөлүшү | БУУ ТӨМ |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу | Энергиялык майнаптуулук | Энергиялык майнаптуулукту жогорулатууну каржылоо же кайра каржылоо | • Энергияны керектөөнүн натыйжалуулугун кеминде 20%га жогорулаткан жана/же парник газдарынын чыгындысын кеминде 20%га кыскарткан реконструкциялоого, калыбына келтирүүгө жана/же реновацияга инвестициялар. | |
| | | Энергиянын кайра жаралуучу булактары | Энергиянын жаңыланма булактарынын жабдууларын, өндүрүүнү, курууну, эксплуатациялоону жана тейлөөнү каржылоо же кайра каржылоо | Энергиянын жаңыланма булактары<br>• Шамал энергетикасы: шамал энергетика орнотмолору жана аэродинамикалык түтүктөр жана кубдар сыяктуу башка перспективалуу технологиялар.<br>• Күн энергетикасы: фотоэлектр системалары (PV), концентрацияланган күн энергиясы (CSP) жана күн жылуулук орнотмолору<br>• Геотермалдык энергия: жашоо цикли 100 г CO2-эквивалент/кВт·с аз болгон чыгындылары бар энергетикалык долбоорлор.<br>• Жашыл суутек:<br>  ○ Электролиз ыкмасы менен отунду сактоо жана куюу, ошондой эле өндүрүү инфраструктурасы (100% энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу).<br>Жаңыланма энергетиканы колдоо үчүн инфраструктура<br>• Жогоруда аныкталган бир же бир нече энергиянын кайра жаралуучу булактары технологияларын туташтыруу үчүн энергияны берүү инфраструктурасына байланыштуу долбоорлор | |
| | | Жашыл имараттар | Көмүртек чыгындыларынын деңгээли төмөн болгон жаңы, колдонуудагы же оңдолгон коомдук, коммерциялык жана турак жайларды каржылоо же кайра каржылоо | • Энергиялык майнаптуулуктун улуттук/эл аралык сертификатына ээ болгон имараттарды курууга же сатып алууга байланыштуу каржылоо:<br>  ○ Тиешелүү жергиликтүү рынокто "А" энергиялык майнаптуу имараттардын сертификациясынан өткөн имараттар, бул Кыргыз Республикасынын ченемдерине ылайык берилген энергиялык майнаптуулук сертификаты менен аныкталат[11]<br>  ○ LEED (Gold жана жогору) же ушул сыяктуу таанылган стандарт<br>  ○ BREEAM (Өтө жакшы жана жогору) же ушул сыяктуу таанылган стандарт<br>• 30%дан кем эмес энергиялык майнаптуулукка алып келүүчү жана Кыргыз Республикасынын ченемдерине ылайык А деңгээлинен төмөн эмес энергиялык | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | майнаптуулук классына жеткен имараттарды реконструкциялоо же модернизациялоо[12].<br><br>*Шектенүүдөн оолак болуу үчүн жаратылыш газынан тышкары, жергиликтүү жылытуу системасы үчүн казылып алынган отунду колдонууга катуу тыюу салынат. Мындан тышкары бардык долбоорлор таанылган “жашыл” курулуш стандарттарына ылайык (мисалы, А классынын сертификаты же эквиваленти) энергиялык майнаптуулуктун жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн минималдуу энергиялык майнаптуулук чегине туура келиши керек. Бул долбоорлордун жалпы экологиялык артыкчылыктарын камсыз кылуу менен энергияны керектөөнүн жана көмүр кычкыл газынын чыгындысынын олуттуу кыскарышын кепилдейт.* | |
| | | Таза транспорт | Таза (нөлдүк чыгынды деңгээли менен) транспорт каражаттарын жана тиешелүү инфраструктураны өндүрүүнү, түзүүнү, сатып алууну, кеңейтүүнү, модернизациялоону, тейлөөнү жана эксплуатациялоону каржылоо же кайра каржылоо | • Таза транспорттук өнүмдөр жана транспорт каражаттары, коомдук транспорт жана жүк ташуучу транспорт каражаттары үчүн кызмат көрсөтүүлөр:<br>  ○ Толук электр транспорт каражаттары жана компоненттери<br>  ○ Экологиялык суутектүү автомобилдер жана алардын компоненттери<br>  ○ Гибриддик электромобилдер (жүргүнчү транспорту), жеңил автомобилдер үчүн 50 г CO2-экв/п-км жана жүк ташуучу автомобилдер үчүн 25 г CO2-экв/т-км чек маанисинен төмөн<br>• Электромобилдерди заряддоо станциясын колдоо үчүн инфраструктура<br><br>*Шектенүүдөн оолак болуу үчүн казып алынган отунду ташуу үчүн арналган жүк транспортун каржылоого тыюу салынат.* | |
| **2** | Суу ресурстарын жана саркынды сууларды туруктуу башкаруу | Суу ресурстарын жана саркынды сууларды башкаруу | Суу ресурстарын жана саркынды сууларды туруктуу башкаруу долбоорлорун, объекттерин жана тиешелүү инфраструктурасын курууну, эксплуатациялоону жана тейлөөнү | Суу алууну, аны керектөөнү, кайра иштетүүнү кыскарткан жана/же ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулаткан долбоорлор, анын ичинде:<br>• Сууну калыбына келтирүү, кайра иштетүү, кайра пайдалануу, сууну үнөмдөө жана эсепке алуу технологиялары<br>• Сууну калыбына келтирүү системалары жана сууну үнөмдөөчү санитардык орнотмолор<br>Суу тазалоочу курулмалар:<br>• Ичүүчү сууну тазалоо, сактоо жана туруктуу жабдуу системалары<br>Тазалоочу курулмалар жана саркынды сууларды тазалоо:<br>• Саркынды суулардын тунмасынын анаэробдук ажыроосу<br>• Саркынды сууларды кайра иштетүү жана кайра пайдалануу | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | каржылоо же кайра каржылоо | • Тиричилик саркынды сууларын топтоо жана тазалоо системаларын куруу, кеңейтүү жана эксплуатациялоо<br>*Шектенүүдөн оолак болуу үчүн казып алган отун менен иштеген туруктуу суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды тазалоо тутумдарын камсыздоого тыюу салынат.* | |
| **3** | Айлана-чөйрөнү булгоонун алдын алуу жана көзөмөлдөө | Калдыктарды башкаруу | Калдыктарды кайра иштетүү объекттерин түзүүнү, сатып алууну, кеңейтүүнү, модернизациялоону каржылоо же кайра каржылоо | • Кооптуу эмес калдыктарды, анын ичинде катуу тиричилик калдыктарын, ошондой эле кайра иштетүү боюнча долбоорлорго байланыштуу коммерциялык жана өнөр жай калдыктарын чогултуу, ташуу жана берүү<br>• Кайра иштетүү долбоорлоруна байланыштуу калдыктарды ылгоону жана кайра иштетүүнү (жана тиешелүү инфраструктураны) иштеп чыгуу, куруу, орнотуу жана/же тейлөө | |
| **4** | Жандуу жаратылыш ресурстарын жана жерди пайдаланууну экологиялык туруктуу башкаруу | Туруктуу айыл чарба | Айыл чарба практикасында климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатууга байланыштуу долбоорлорду каржылоо же кайра каржылоо | • Туруктуу айыл чарбага жана агрономиялык практикаларга, экологиялык туруктуу мал чарбачылыкка, топурак жана суу ресурстарын башкарууга, гидропондук дыйканчылык/органикалык дыйканчылык ыкмаларына, тамчылатып сугарууга, террасалоого, кайтарым айыл чарба сугаты үчүн арыктарга, санарип датчиктерге, өсүмдүктөрдү биологиялык коргоо сыяктуу биотехнологиялык долбоорлорго ж.б. байланыштуу заманбап технологияларды киргизүү. | |

**Алгылыктуу социалдык долбоорлор**

Алгылыктуу социалдык долбоорлорго социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө жана оң социалдык жыйынтыктарга жетүүгө багытталган долбоорлор кирет. Төмөндөгү таблицада ICMA социалдык облигацияларынын принциптерине (SBP) ылайык алгылыктуу социалдык долбоорлордун категориялары, анын ичинде долбоорлордун мисалдарынын толук эмес тизмеси, ошондой эле тиешелүү социалдык иш-чаралар үчүн максаттуу аудитория менен критерийлердин сүрөттөлүшү берилген. Алгылыктуу социалдык долбоорлор БУУнун ТӨМ менен салыштырылды.

**2-таблица. Алгылыктуу социалдык долбоорлордун категориялары**

| | Долбоордун категориясы | Чакан категория | Ишмердик | Шайкештик критерийлеринин/максаттуу топтун (топтордун) сүрөттөлүшү | БУУ ТӨМ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумуш орундарын түзүү жана финансылык инклюзия | Финансылык жеткиликтүүлүк жана жумуш орундарын түзүү | ЧОБ бардык түрлөрүн, микро ишканаларды каржылоо же кайра каржылоо | Төмөнкү критерийлердин кеминде бирөөнө туура келген ЧОБ[13], микроишканалар:<br>• Кыргызстандын өнүгүп келе жаткан жана начар өнүккөн аймактарында иштөө,<br>• Мигранттарга, жаштарга (30 жашка чейин) жана башка аялуу топторго таандык болгон жана/же башкарылуучу[14]<br>Максаттуу топ: **жумушсуздуктун деңгээли жогору же кирешеси төмөн болгон микро жана ЧОБ.**<br>**Жаштарга таандык бизнес** |  |
| | | Ар түрдүүлүк жана тең мүмкүнчүлүктөр | Аялдарга таандык болгон жана/же аялдар үчүн жумуш орундарын түзүүгө багытталган ишканаларды каржылоо же кайра каржылоо | Аялдарга таандык болгон (51%дан кем эмес) же алар жетектеген ишканалар<br>• Эгерде менчикте аялдардын үлүшү 51%дан кем эмести түзсө, аялдар компанияда жетектөөчү кызматтардын кеминде бирөөнү ээлеши керек жана менчикте аялдардын үлүшү 20%дан кем болбоого тийиш.<br>Курамында 51%дан кем эмес аялдардын болушу же ыкчам башкаруу үчүн жалпы жоопкерчилик аялга (же аялдарга) жүктөлгөн<br>Максаттуу топ: **Жайгашкан жеринен жана социалдык-экономикалык деңгээлинен көз карандысыз, аялдар ээлик кылган же жетектеген ишканалар.** | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **2** | Социалдык маанилүү кызматтарга жетүү мүмкүндүгү | Билим берүүгө жана саламаттык сактоого жетүү мүмкүндүгү | Билим берүү жана медициналык мекемелерди курууну жана/же эксплуатациялоону каржылоо же кайра каржылоо | • Билим берүү мекемелерин, анын ичинде башталгыч жана орто мектептерди, университеттерди жана жогорку билим берүү борборлорун, техникалык / кесиптик окутуу борборлорун жана программаларын каржылоо<br>• Саламаттык сактоо объекттерин жана медициналык жабдууларды, саламаттык сактоо технологияларын курууну, реконструкциялоону жана модернизациялоону каржылоо<br>Максаттуу топ: **кеңири коомчулук, социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли төмөн болгон аймактардагы улгайган калк.** | |
| **3** | Жеткиликтүү базалык инфраструктура | Суу жана санитария | Сууна жана санитарияга жетүү мүмкүндүгүн каржылоо же кайра каржылоо | • Таза сууга жана санитарияга байланыштуу базалык инфраструктураны түзүүгө жана өнүктүрүүгө байланыштуу долбоорлорду каржылоо<br>Максаттуу топ: **кирешеси төмөн болгон адамдар**, **аялуу топтор, калктын жана/же коомдоштуктун чыгарып салынган жана/же маргиналдашкан топтору.** | |
| **4** | Жеткиликтүү турак жай | Турак жай | Социалдык жана жеткиликтүү турак жайды каржылоо же кайра каржылоо | • Жеткиликтүү турак жайды жана аз камсыз болгон адамдар үчүн үйлөрдү курууну каржылоо[15] | |
| **5** | Азык-түлүк коопсуздугу жана туруктуу азык-түлүк системалары | Азык-түлүк коопсуздугу жана туруктуу азык-түлүк системалары | Коопсуз, толук кандуу жана жетиштүү тамактанууга жетүү мүмкүндүгүн каржылоо же кайра каржылоо | • Диеталык муктаждыктарга жана талаптарга жооп берген коопсуз, тоюмдуу жана адекваттуу тамактанууга физикалык, социалдык жана экономикалык жеткиликтүүлүктү камсыз кылган долбоорлорду каржылоо;<br>• Кирешеси төмөн райондордо фермерлерди каржылоо же кайра каржылоо<br>Максаттуу топ: **аз камсыз болгондор, аялуу топтор, майда фермерлер** | |

[11,12] "Имараттардын энергиялык майнаптуулугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык (2011-жылдын 26-июлундагы № 137) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-августундагы № 531 токтому менен бекитилген Имараттарды энергетикалык сертификаттоону жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобонун 1-тиркемесинин талаптарына ылайык.
[13] ЧОБ кредиттөө боюнча ички жол-жобонун жана ишканалардын түрлөрүнүн классификаторунун негизги схемасынын негизинде жиктеле турган чакан жана орто ишканалар (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 17-февралындагы № 78 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 29-августундагы № 590 токтомунун редакциясында).
[14] Аялуу топторду аныктоо, https://www.un.org/en/fight-racism/vulnerable-groups сайтында жеткиликтүү болгон БУУнун аныктамасынан караңыз
[15] Аз камсыз болгон адамдарды аныктоо, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика агенттигинин статистикалык маалыматынан жана Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан колдоого алынган жеткиликтүү турак жайды ипотекалык каржылоо программасынан караңыз.




Шектенүүлөрдөн оолак болуу үчүн, Банктын туруктуу каржылоо инструменттеринин алкагында төмөнкү ишмердүүлүктүн түрлөрү каржылоого тыюу салынат:

а. долбоорду ишке ашырган өлкөнүн мыйзамдары жана ченемдик талаптары (б.а. улуттук мыйзамдар) же эл аралык конвенциялар жана келишимдер менен мыйзамсыз деп квалификацияланган же эл аралык жүгүртүүдөн чыгарыла турган же тыюу салына турган кандайдыр бир товарларды өндүрүү же сатуу, же кандайдыр бир иш түрлөрүн жүргүзүү, анын ичинде:
   I. ПХБ-камтыган буюмдарды өндүрүү же аларды сатуу;
   II. фармацевтикалык продуктуларды, пестициддерди/гербициддерди, ошондой эле башка кооптуу заттарды өндүрүү же аларды сатуу;
   III. озонду бузуучу заттарды өндүрүү же аларды сатуу;
   IV. туруктуу органикалык булгагычтарды өндүрүү же пайдалануу же аларды сатуу
   V. СИТЕС Конвенциясы менен жөнгө салынуучу жапайы фауна түрлөрүн сатуу, жапайы фауна түрлөрүнөн продуктуларды өндүрүү же аларды сатуу;
   VI. эл аралык укук менен тыюу салынган калдыктарды чек ара аралык ташуу;

б. куралдарды жана ок-дарыларды өндүрүү же аларды сатуу;

в. алкоголдук ичимдиктерди өндүрүү же аларды сатуу (сырадан жана шараптан тышкары);

г. тамекини өндүрүү же тамекини сатуу;

д. кумар оюндары, казино жана ушул сыяктуу ишканалар;

е. радиоактивдүү материалдарды өндүрүү же сатуу. Бул медициналык жабдууларды, сапатты көзөмөлдөөчү (өлчөөчү) жабдууларды жана радиоактивдүү булагы IFC тарабынан олуттуу эмес жана/же тийиштүү түрдө корголгон деп эсептеген жабдууларды сатып алууга жайылтылбайт;

ж. мажбурлап көчүрүү;

з. энергетикалык көмүрдү шахтада казып алуу же көмүр менен иштеген орнотмолордун жардамында электр энергиясын өндүрүү.

и. мунайды издөө-чалгындоо иштери;

к. мунай кендерин иштетүү долбоорлору, долбоор үчүн бөлүнгөн каражаттар парник газдарынын чыгындысын кыскартууга же иштеп жаткан кендерде газды факелдик күйгүзүүгө гана багытталган сейрек жана өзгөчө жагдайлардан тышкары;

л. өрдөктөрдү жана каздарды мажбурлап тоюндуруу менен байланыштуу иш;

м. аң тери өндүрүүнүн максатында жаныбарларды багуу же аң терини өндүрүү менен байланыштуу ар кандай иштер;

н. асбест буласын, ошондой эле бул буланы максаттуу кошуу менен буюмдарды жана аралашмаларды өндүрүү, сатуу жана пайдалануу;

о. сымап жана сымап кошундуларынын экспорту, ошондой эле сымап кошулган өндүрүмдүн кеңири спектрин өндүрүү, экспорттоо жана импорттоо;

п. долбоорду ишке ашырган өлкөнүн мыйзамдары же биологиялык ар түрдүүлүктү же маданий мурастарды коргоо боюнча эл аралык конвенциялар тарабынан тыюу салынган иштер;

р. узундугу 2,5 километрден ашкан дрифтердик торлор менен деңизде балык чарбасын жүргүзүү;

с. Эл аралык дениз уюмунун талаптарына жооп бербеген танкерлер менен мунайды же башка коркунучтуу заттарды ташуу;

т. талап кылынган экспорттук же импорттук лицензияларды же тиешелүү экспорт, импорт жана эгер талап кылынса транзит өлкөлөрү тарабынан берилген ташууга уруксаттардын башка күбөлүктөрүн албастан товарларды сатуу;

у. мажбурлаган эмгектин/зыяндуу балдар эмгегинин зыяндуу же эксплуататордук формалары менен байланыштуу өндүрүш же иш;
ф. табигый нымдуу тропикалык токойлордо колдонуу үчүн коммерциялык жыгач даярдоо;
х. үзгүлтүксүз башкарылуучу токойлордон тышкары, жыгач же башка токой товарларын өндүрүү же сатуу.

## 3.3. Алгылыктуу долбоорлорду тандоо жана баалоо процесси

### 3.3.1. Экологиялык жана социалдык башкаруу системасы

КИКБда Экологиялык жана социалдык башкаруу системасы (мындан ары "ESMS") колдонулат, ал экологиялык жана социалдык тобокелдиктер көз карашынан алганда, Банк тарабынан каржылануучу жана/же кайра каржылануучу ишти активдүү баалоого жана тескөөгө багытталган. ESMS Банктын базалык кредит саясатында портфелдин жана транзакциялардын деңгээлинде кредиттик милдеттенмелерди жана репутациялык тобокелдиктерди чектөө үчүн киргизилген. Жогоруда көрсөтүлгөн система биринчи кезекте улуттук мыйзамдарды, биздин өлкөбүз катышуучусу болуп саналган эл аралык макулдашууларды, ошондой эле экологиялык жана социалдык принциптерди жана критерийлерди сактоого багытталган жана тыюу салынган ишмердүүлүктүн тизмесин камтыйт.

Банк ESMSти каржылоонун жыйынтыгында пайда болуучу экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди жана/же мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо үчүн жана аларды натыйжалуу башкаруу үчүн колдонот. Ошондой эле Банк кредиттик процесстерде экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөөнүн негизги процесси болуп саналган ESMSти, кредиттик мамилеси бар бардык кардарларына колдонот.

### 3.3.2. Алгылыктуу долбоорлорду тандоо жана баалоо

Алгылыктуу долбоорлордун шайкештигин баалоо процесси КИКБнын туруктуу каржылоо инструменттеринен алынган каражаттардын ушул Туруктуу каржылоо концепциясынын 3.2-бөлүмүндө белгиленген шайкештик критерийлеринин негизинде, ошондой эле жаңы насыяларга же учурдагы долбоорлорго/чыгымдарга Банктын кредиттөө жаатындагы жалпы саясатын жана улуттук мыйзамдарда жана ченемдик укуктук актыларда каралган минималдуу экологиялык жана социалдык талаптарды сактоонун негизинде жумшала турганын кепилдейт.

Туруктуу каржылоо инструменттери аркылуу каржылануучу жана/же кайра каржылануучу алгылыктуу жашыл жана социалдык долбоорлорду баалоо жана тандоо процесси Концепцияда берилген 3.2-бөлүмгө ылайык критерийлердин негизинде тандалып алынат жана андан ары жооптуу кызматкерлер тарабынан Банктагы корпоративдик, ЧОБ/чекене жана микрокредиттерди кредиттөө жол-жоболоруна ылайык бааланат, анын ичинде, биринчи кезекте, экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди баалоо, финансылык көрсөткүчтөрдү, кредиттик тарыхты, камсыздоо түзүмүн ж.б. талдоо камтылат. Туруктуу каржылоо инструменттери аркылуу каржылануучу же кайра каржылануучу алгылыктуу жашыл жана социалдык долбоорлорду бекитүү кредиттин суммасына жараша Ыйгарым укуктарды берүү боюнча колдонмого ылайык Кредит комитеттеринин курамы жана бекитүү органдары тарабынан жүзөгө ашырылат. Башкарманын Кредиттик комитети 1 млн АКШ долларына чейинки долбоорлорду бекитүү үчүн өкүлдөнгөн жана кредиттөө, андеррайтинг, юридикалык жана банк иши үчүн жооп берген Башкарманын төрт мүчөсүн жана Кредит комитетинин төрагасы болуп саналган Банктын Башкармасынын төрагасын кошо алганда беш

мүчөдөн турат. Алгылыктуу долбоорлор Кредит комитети тарабынан жооптуу кызматкерлердин сунуштамаларынын негизинде каралат жана ар бир долбоор боюнча чечим добуш берүү системасынын негизинде (көпчүлүк добуш менен) кабыл алынат.

Концепция туруктуу каржылоо боюнча жумушчу топ тарабынан – КИКБдагы тиешелүү бизнес-багыттардын кросс-функционалдык жумушчу тобу тарабынан даярдалган (Андеррайтинг башкармалыгы, Казыналык башкармалыгы, Корпоративдик кардарлар менен иштөө башкармалыгы, ЧОБ жана чекене кредиттөө башкармалыгы, Микрокредиттөө башкармалыгы, Кредиттик администрациялоо башкармалыгы, Юридика башкармалыгы, ESG координатор жана тиешелүү бизнес-бөлүмдөр).

### 3.4. Түшкөн каражатты башкаруу

КИКБ туруктуу каржылоо инструменттеринен түшкөн каражаттарды портфелдик принцип боюнча башкарат. Банк туруктуу каржылоо инструменттеринен түшкөн каражаттарды жогоруда көрсөтүлгөн түшкөн каражаттарды пайдалануу критерийлерине, баалоо жана тандоо процесстерине ылайык тандалып алынган алгылыктуу жашыл жана социалдык кредиттер портфелине бөлүштүрүүнү көздөйт. Таза түшкөн каражаттар субэсепке чегерилет жана көзөмөлдөнүүчү түзүмгө ылайык системага автоматтык түрдө киргизилет.

КИКБ убакыттын өтүшү менен алгылыктуу "жашыл жана социалдык" насыялар боюнча каражаттарды бөлүштүрүүнүн деңгээлин ар бир инструмент берилген учурдан тартып 24 айдын ичинде туруктуу каржылоодон таза түшкөн каражаттардын төлөнбөгөн инструменттердин калдыгынын көлөмүнө дал келтирүүгө же андан ашырууга умтулат.

Туруктуу каржылоо инструменттеринин жардамы менен каржылануучу алгылыктуу долбоорлорго мониторинг ушул Концепцияда берилген алгылыктуулук критерийлерине шайкештигин камсыз кылуу үчүн ар бир долбоор боюнча жооптуу кызматкер тарабынан жылына бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. "Каражаттарды пайдалануу" критерийлерине жооп бербеген долбоорлор алгылыктуу долбоорлордун портфелинен алынып салынат жана андан ары туруктуу каржылоо инструментинин алкагында каржыланбайт. Мүмкүн болушунча алынып салынган ар кандай долбоор башка жашыл же социалдык долбоор менен алмаштырылат. Банк туруктуу каржылоо инструментинин алкагында түшкөн каражаттарды тескөө процессине баа берүү үчүн көз карандысыз тышкы консультантты тартууга укуктуу.

Эгерде туруктуу каржылоо инструменттеринен түшкөн каражаттар бөлүштүрүлбөй калса, КИКБ өзүнүн кароосу боюнча алгылыктуу кредиттер/каржылоо портфелинде бөлүштүрүлө элек таза түшүүлөрдүн калдыгынын балансын өз каалоосу боюнча өзүнүн консолидацияланган балансында акча каражаттары же башка кыска мөөнөттүү жана өтүмдүү инструменттер түрүндө кармап турат.

### 3.5. Отчеттуулук

Туруктуу каржылоонун ар бир инструменти боюнча отчеттуулук инструментти каржылоо датасынан кийин 12 ай ичинде, андан кийин туруктуу каржылоонун инструменти төлөнгөнүп бүткөнгө чейин, жыл сайын портфелдик негизде ишке ашырылат.

КИКБ жашыл жана социалдык долбоорлордун тиешелүү категорияларынын деңгээлинде өзүнүн бардык туруктуу каржылоонун төлөнбөгөн инструменттери боюнча агрегирленген негизде отчетту берет.

КИКБ өзүнүн "Таасир этүү жөнүндө отчетун" "Жашыл долбоорлор үчүн таасир этүү жөнүндө макулдашылган отчеттуулуктун системасы – колдонмосунда" (2024-ж. июнь)"[16] жана "Социалдык облигациялардын таасири жөнүндө шайкештелген отчеттуулук системасында (2024-ж. сентябрь)"[17] көрсөтүлгөндөй портфелдик негизде камсыздайт.

КИКБ өзүнүн жылдык отчетунда жана/же туруктуу каржылоо боюнча өзүнчө отчетто туруктуу каржылоо инструменттеринен алынган “Каражаттарды пайдалануу жөнүндө отчетторду”, алардын максаттуу арналышы жана таасири жөнүндө отчетторду даярдайт, ал инвесторлорго КИКБнын веб-сайтында жеткиликтүү болот[18].

КИКБнын отчету жалпыланган түрдө төмөнкү маалыматты берет:

- алгылыктуу жашыл же социалдык долбоорлорго багытталган каражаттардын жалпы суммасы;
- ар бир жашыл же социалдык долбоорго бөлүнгөн каражаттын суммасы;
- алгылыктуу долбоорлорго багытталган каражаттардын көлөмүнүн жаңы каржылоонун кайра каржылоого салыштырмалуу үлүшүн;
- бөлүштүрүлбөгөн түшкөн каражаттардын калдыгы;
- өлкөнүн масштабында активдердин географиялык жайгашуусу.

Мүмкүн болгон жерде КИКБ туруктуу каржылоо инструменттеринин каражаттарынын эсебинен камсыз кылынган алгылыктуу насыялардын/каржылоонун экологиялык жана/же социалдык жыйынтыктары жана таасирлери тууралуу отчет берет.

КИКБ “Таасир этүү жөнүндө отчетто” ар бир алгылыктуу категориянын БУУнун ТӨМ жетүүсүнө салым кошот.

[16] ICMA Handbook - Harmonized Framework for Impact Reporting for Green Projects (June 2024)
[17] ICMA Handbook - Harmonized Framework for Impact Reporting for Social Projects (September 2024)
[18] КИКБ расмий сайты https://kicb.net

"Таасир этүү жөнүндө отчет" маалыматтардын жеткиликтүүлүгүнө жараша экологиялык жана социалдык таасир этүүнүн потенциалдуу негизги көрсөткүчтөрү, башка көрсөткүчтөр менен катар, төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

**3-таблица. Алгылыктуу жашыл долбоорлор үчүн экологиялык жана социалдык таасир этүүнүн потенциалдуу негизги көрсөткүчтөрү**

| | Долбоордун категориясы | Чакан категория | Таасир этүү көрсөткүчтөрүнүн мисалдары |
|---|---|---|---|
| 1 | Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу | Энергиялык майнаптуу өнүмдөр жана кызматтар | Энергияны бир жылдык үнөмдөө (% же МВтч) |
| | | | ПГ чыгындыларынын ар жылдык кыскарышы/жол бербөө тонна менен CO2-эквивалент/жыл |
| | | Энергиянын кайра жаралуучу булактары | Курулган жаңыланма энергия станцияларынын кубаттуулугу (МВтч) |
| | | | Жаңыланма энергияны бир жылдык өндүрүү (МВтч) |
| | | | ПГ чыгындыларынын ар жылдык кыскарышы/жол бербөө тонна менен CO2-эквивалент/жыл |
| | | Жашыл имараттар | Имараттарды сертификаттоо стандарты |
| | | | % сууну пайдалануунун кыскарышы/алдын алуу (%) |
| | | | ПГ чыгындыларынын ар жылдык кыскарышы/жол бербөө тонна менен CO2-эквивалент/жыл |
| | | | Энергияны керектөөнү ар жылдык кыскартуу/алдын алуу (%) |
| | | Таза транспорт | ПГ чыгындыларынын ар жылдык кыскарышы/жол бербөө тонна менен CO2-эквивалент/жыл |
| | | | Каржыланган таза транспорттук инфраструктуранын саны жана түрү |
| | | | Отундун чыгымынын эсептик төмөндөшү (%) |
| | | | Тартылган таза транспорт каражаттарынын саны (мисалы, электромобилдер) |
| | | | Заряддоо станцияларынын саны |
| 2 | Суу ресурстарын жана саркынды сууларды туруктуу башкаруу | Суу ресурстарын жана саркынды сууларды башкаруу | Сууну пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу (%) |
| | | | Тазаланган же иштетилген суунун өлчөмү (м3) |
| | | | Сууну бир жылдык үнөмдөө (%) |
| | | | Топтолгон саркынды суулардын өлчөмү (м3) |
| | | | Тазаланган саркынды суулардын өлчөмү (м3) |
| | | | Тазаланган жана/же утилдештирилген жана/же кайталап пайдаланылган жана/же кайра иштетилген саркынды суулардын өлчөмү (м3) |
| | | | Тазаланган жана утилдештирилген жана/же кайталап пайдаланылган саркынды суулардын тунмасынын өлчөмү |
| 3 | Булгануунун алдын алуу жана контролдоо | Калдыктарды башкаруу | Алдын алынган, кыскартылган жана/же кайра иштетилген калдыктардын өлчөмү (тонна менен) |
| 4 | Жандуу жаратылыш ресурстарын жана жерди пайдаланууну экологиялык туруктуу башкаруу | Туруктуу айыл чарба | Каржыланган туруктуу айыл чарба долбоорлорунун жана өндүрүш компанияларынын саны |

**4-таблица. Социалдык критерийлерге ылайык келген долбоорлор үчүн айлана-чөйрөгө жана коомго таасир этүүнүн потенциалдуу негизги индикаторлору**

| | Долбоордун категориясы | Чакан категория | Таасир этүү индикаторлорунун мисалдары |
|---|---|---|---|
| 1 | Жумуш орундарын түзүү жана финансылык инклюзия | Бизнести колдоо жана жумуш орундарын түзүү | ЧОБ жана/же микро ишканалардын насыяларынын саны |
| | | | ЧОБ субъекттерине жана/же микро ишканаларга берилген насыялардын суммасы |
| | | | Насыялардын суммасы жана түзүлгөн/сакталган жумуш орундарынын жана тиешелүү берилген насыялардын саны |
| | | Тең мүмкүнчүлүктөр | Насыялардын суммасы жана калктын максаттуу тобу боюнча бөлүү менен, аялдарга таандык болгон, каржыланган ишканалардын саны |
| | | | Насыялардын суммасы жана калктын аялуу топторуна таандык болгон, каржыланган ишканалардын саны |
| | | | Аялуу топтордун жумушчу күчүнө тартылышынын өсүшү (%) |
| | | | Аялуу топтор үчүн түзүлгөн жумуш орундарынын саны (%) |
| 2 | Социалдык маанилүү кызматтарга жетүү мүмкүндүгү | Билим берүү | Насыялардын суммасы жана каржыланган окуу жайларынын саны |
| | | | Насыялардын көлөмү жана билим берүү кызматтарына жетүү мүмкүндүгү кеңейтилген адамдардын саны |
| | | Саламаттык сактоо | Насыялардын суммасы жана саламаттык сактоо кызматтарына жетүү мүмкүндүгү кеңейтилген адамдардын саны |
| | | | Насыялардын суммасы жана курулган/модернизацияланган медициналык мекемелердин саны |
| 3 | Жеткиликтүү базалык инфраструктура | Суу жана санитария | Насыялардын суммасы жана суу жана санитардык шарттар менен камсыз кылынган адамдардын саны |
| 4 | Жеткиликтүү турак жай | Турак жай | Насыялардын суммасы жана жеткиликтүү турак жай алган адамдардын/үй-бүлөлөрдүн саны |
| 5 | Азык-түлүк коопсуздугу жана туруктуу азык-түлүк системалары | Жеткиликтүү тамак-аш мүмкүнчүлүгү | Коопсуз, азыктык жана жетиштүү тамак менен камсыз кылынган адамдардын саны |
| | | | Кредиттердин суммасы жана каржыланган майда фермерлердин саны |

## 4. Колдонуу чөйрөсү

Ушул Концепциянын алкагында КИКБ жашыл, социалдык, туруктуу же тематикалык облигацияларды, насыяларды же башка инструменттерди чыгара алат. КИКБ туруктуу каржылоо инструменттерин чыгаруудан түшкөн каражаттарды (карыздук каражаттарды) ушул Концепциянын алгылыктуу долбоорлорунун критерийлерине ылайык келген кардарларга берилүүчү насыялар портфелине бөлүштүрөт.

Тематикалык инструменттер белгилүү бир экологиялык, социалдык же туруктуу максаттарга багытталган гендердик же башка тематикалык белгилерге тиешелүү болот.

A. Жашыл облигациялар жана насыялар: облигациялардын/ насыялардын/синдикатталган насыялардын/казыналык каржылоонун максаты 3.2-бөлүмдө берилген алгылыктуулук критерийлерине ылайык келген жашыл долбоорлорду каржылоо жана/же кайра каржылоо болуп саналат.

B. Социалдык облигациялар жана насыялар: облигациялардын/ насыялардын/синдикатталган насыялarardын/казыналык каржылоонун максаты 3.2-бөлүмдө берилген алгылыктуулук критерийлерине ылайык келген жашыл долбоорлорду каржылоо жана/же кайра каржылоо болуп саналат.

C. Туруктуу өнүгүү облигациялары жана насыялары: облигациялардын/ насыялардын/синдикатталган насыяларардын/казыналык каржылоонун максаты 3.2-бөлүмдө берилген алгылыктуулук критерийлерине ылайык келген, алгылыктуу жашыл жана социалдык долбоорлорду каржылоо жана/же кайра каржылоо болуп саналат.

D. Гендердик облигациялар жана насыялар (гендердик-тематикалык карыздык каражаттарды алуу инструменттери), аялдардын абалын жакшыртууну, укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү жана теңдигин колдоого багытталган жана 3.2-бөлүмдө берилген критерийлерге ылайык келген тиешелүү социалдык долбоорлорду каржылоо жана/же кайра каржылоо максатын көздөйт.

## 5. Көз карандысыз корутунду

### 5.1. Экинчи тараптын корутундусу

КИКБ тышкы көз карандысыз тараптардын корутундуларын маанилүү деп эсептейт, ошондуктан Концепция жөнүндө корутунду алуу үчүн тышкы көз карандысыз тараптар тартылат. Ага ылайык, Банктын туруктуу каржылоо концепциясы жөнүндө көз карандысыз тараптын корутундусун "Экинчи тараптын корутундусу" (SPO) формасында алуу үчүн жана рыноктук стандарттарга, жетектөөчү принциптерге жана ушул Концепцияда берилген принциптерге шайкештигин тастыктоо үчүн КИКБ көз карандысыз тарап менен өз ара аракеттенет. Экинчи тараптын корутундусу эмитенттин жашыл, социалдык, туруктуу же туруктуулукка байланыштуу облигацияларынын /Конвенцияларынын / программаларынын тиешелүү принциптерге шайкеш келүүсүн баалоого алып келет. Атап айтканда, экинчи тараптын корутундусу эмитенттин Экологиялык жана/же социалдык туруктуулукка байланыштуу ар тараптуу максаттарын, стратегиясын, саясатын жана/же процесстерин баалоону камтышы мүмкүн.

Экинчи тараптын корутундусу айкын болот жана корутундуну сунуштоочунун веб-сайтында жана КИКБ веб-сайтында жарыяланат.

### 5.3. Верификациялоо: Түшкөн каражаттарды бөлүштүрүүнү верификациялоо

КИКБ ар жылдык негизде, бирок каржылоо башталгандан кийин бир жылдан эрте эмес жана туруктуу каржылоо инструментинин каражаттары толук бөлүштүрүлгөнгө чейин өзүнүн тышкы аудиторунан же башка квалификациялуу тараптан берилген жашыл жана социалдык жактан алгылыктуу насыяларга / каржылоого туруктуу каржылоонун мындай инструментинен түшкөн каражаттардын бөлүштүрүлүшү жөнүндө тастыктоо отчетун талап кыла алат.

## 6. Концепцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү

Концепция Туруктуу каржылоо боюнча жумушчу топ тарабынан – КИКБдагы тиешелүү бизнес-багыттардын кросс-функционалдык жумушчу тобу тарабынан даярдалган (Андеррайтинг башкармалыгы, Казыналык башкармалыгы, Корпоративдик кардарлар менен иштөө башкармалыгы, ЧОБ жана чекене кредиттөө башкармалыгы, Микрокредиттөө башкармалыгы, Кредиттик администрациялоо башкармалыгы, Юридика башкармалыгы, ESG координатор жана тиешелүү бизнес-бөлүмдөр).

Концепция туруктуу каржылоонун бардык инструменттерине колдонулат жана туруктуу каржылоонун (карыздык каражаттардын) бардык инструменти төлөнгөнгө чейин колдонулат. Туруктуу каржылоо боюнча жумушчу топ бул Концепцияны үзгүлтүксүз кайра карап турат жана мындай кайра карап чыгуу ушул Концепциянын жаңылануусуна же өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн. Жаңыланган Концепция КИКБнын веб-сайтында жарыяланат жана ушул Концепцияны алмаштырат. Бардык өзгөртүүлөр жана жаңыртуулар КИКБ тарабынан бериле турган кийинки жашыл, социалдык же туруктуу облигацияларга/кредиттерге гана колдонулат.

## I тиркеме

**5-таблица. Жашыл долбоорлордун конкреттүү экологиялык максаттары**

| Категория | Максаттар |
|---|---|
| **Энергиялык майнаптуулук** | **Экологиялык максат:** климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: көмүртекти интенсивдүү пайдаланган секторлордон тышкары, бардык секторлордо жана иштин түрткү берүүчү түрлөрүн кошо алганда, энергияны өндүрүүнүн ар бир этабында энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу. |
| **Энергиянын кайра жаралуучу булактары** | **Экологиялык максат:** климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: жаңыланма энергияны же климатка нейтралдуу таасири бар энергияны (нейтралдуу көмүртек чыгындысы менен энергияны кошо алганда) өндүрүү, сактоо же пайдалануу, анын ичинде келечекте олуттуу үнөмдөө потенциалы менен инновациялык технологияларды пайдалануунун эсебинен же тармакты зарыл күчөтүүнүн эсебинен. |
| **Жашыл имараттар** | **Экологиялык максат:** климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу<br>**Экологиялык максат:** суу ресурстарын туруктуу пайдалануу жана коргоо.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: суунун пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, сууну кайталап пайдаланууга көмөктөшүү |
| **Таза транспорт** | **Экологиялык максат:** климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: таза же климаттык нейтралдуу транспортту көбөйтүү |
| **Суу ресурстарын жана саркынды сууларды туруктуу башкаруу** | **Экологиялык максат:** суу ресурстарын туруктуу пайдалануу жана коргоо.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: шаардык жана өнөр жай саркынды сууларын талаптагыдай топтоону жана тазалоону камсыз кылуу аркылуу шаардык жана өнөр жай саркынды сууларын чыгаруунун жагымсыз таасиринен суу чөйрөсүн коргоо.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: сууда адамдын ден соолугуна потенциалдуу коркунуч келтирүүчү микроорганизмдердин, мите курттардын жана заттардын жоктугун камсыздоо аркылуу ичүүчү сууну кандайдыр бир булгоонун жагымсыз кесепеттеринен адамдын ден соолугун коргоо.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: суунун пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, сууну кайталап пайдаланууга көмөктөшүү |

| | |
|---|---|
| **Булгануунун алдын алуу жана контролдоо** | **Экологиялык максат:** булгануунун алдын алууга жана контролдоого олуттуу салым кошуу.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: парник газдарынан тышкары, абага, сууга жана топуракка булгоочу заттардын чыгындысын кыскартуу.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: адамдын ден соолугу жана айлана-чөйрө үчүн терс таасирин жана тобокелдиктерди төмөндөтүү менен, экономикалык иш жүргүзүлгөн райондордо абанын, суунун жана топурактын сапатын жакшыртуу.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: химиялык заттарды өндүрүүнүн жана колдонуунун адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө олуттуу жагымсыз таасирин минималдаштыруу. |
| **Жандуу жаратылыш ресурстарын жана жерди пайдаланууну экологиялык туруктуу башкаруу** | **Экологиялык максат:** таза экосистемаларды коргоого олуттуу салым кошуу.<br>Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга олуттуу салым кошуу: айыл чарбаны жүргүзүүнүн туруктуу ыкмалары, анын ичинде токойлорду кыюуну жана жашоо чөйрөсүн жоготууну токтотууга же алдын алууга көмөктөшө турган ыкмалар. |

## II тиркеме

**6-таблица. Социалдык долбоорлордун конкреттүү социалдык максаттары**

| Категория | Максаттар |
|---|---|
| **Жумуш орундарын түзүү жана финансылык инклюзия** | **Социалдык максат:** Жумуш орундарын түзүү, аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. |
| **Социалдык маанилүү кызматтарга жетүү мүмкүндүгү** | **Социалдык максат:** Бекем ден соолук жана жыргалчылык, сапаттуу билим берүү. |
| **Жеткиликтүү базалык инфраструктура** | **Социалдык максат:** Тазалык инфраструктураны өнүктүрүү жана ичүүчү сууга жана санитарияга жетүү мүмкүндүгү. |
| **Жеткиликтүү турак жай** | **Социалдык максат:** Теңсиздикти азайтуу |
| **Азык-түлүк коопсуздугу жана туруктуу азык-түлүк системалары** | **Социалдык максат:** Чала тоюу көрсөткүчтөрүн кыскартуу; Айыл чарбанын өндүрүмдүүлүк көрсөткүчтөрүн жогорулатуу; Жетиштүү өлчөмдө азык-түлүк менен камсыз кылынган максаттуу калктын үлүшү; Фермерлердин арасында жакырчылыктын көрсөткүчтөрүн кыскартуу; Фермерлердин экономикалык, социалдык жана экологиялык туруктуулук көрсөткүчтөрүн жогорулатуу; Жергиликтүү ресурстардын натыйжалуулугун жогорулатуу. |

